УДК 811.512.1'282.4(575.2)

Тумонбаева М.Ж.,
филология илимдеринин кандидаты
“Кыргызстан эл аралык Университети” ОИӨК.
к.ф.н. **Тумонбаева М.Ж.,**
УНПК “Международного университета Кыргызстана”.
Ph.D. **Tumonbaeva M.J.,**
ERPC “International university of Kyrgyzstan”
mtumonbayeva@mail.ru

ЭТНОСТУН МЕНТАЛДЫК-ТИЛДИК ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДА “КЫРГЫЗ” КОНЦЕПТИНИН КАТЕГОРИЯЛАШТЫРЫЛЫШЫ”

КАТЕГОРИЗАЦИЯ КОНЦЕПТА «КЫРГЫЗ» В МЕНТАЛЬНО-ЯЗЫКОВОЙ КАРТИНЕ МИРА ЭТНОСА»

CATEGORIZATION OF THE CONCEPT "KYRGYZ" IN THE MENTAL-LINGUISTIC PICTURE OF THE WORLD OF ETHNOS"

***Аннотациясы**: Бул макалада этностун менталдыкк-тилдик дүйнө таанымында “кыргыз” концептинин категориялаштырылышы каралган. Категориялаштыруу жана концепту-алдаштыруу когнитивдик лингвистиканынын негизги түшүнүктөрүнө кирүү менен алар адамдын когнитивдик ишмердүүлүгүн таанып билүүдө жана сыпаттоодогу маанилери чагылдырылды. Категория классификациялоочу ишмердүүлүктүн жыйынтыгы, ал эми концепт анын структуралык элементи катары –“кыргыз” концепти этностун менталдык-тилдик дүйнө таанымында иликтөөгө алынды. Концептуалдык белгилер категориялаштыруунун критерийи катары кызмат кылаары белгиленди, категориялаштыруунун жана концептуалдаштыруунун өз ара карым-катнашы изилдөөгө алынган.*

***Негизги сөздөр:**концепт, категориялаштыруу, концептуалдаштыруу, провербиалдык белгилер, концептуалдык белгилер, менталдык-тилдик, дүйнө сүрөтү, универсалдык категориялар*

***Аннотация:** В данной статье рассматривается категоризация концепта «кыргыз» в ментально-языковой картине мира этноса. В когнитивная лингвистике сматривает. Категоризация и концептуализация включены в основные концепции когнитивной лингвистики, которые отражают их важность для распознавания и описания когнитивной деятельности человека. Категория является результатом классификационной деятельности, а концепт как ее структурный элемент определяется на основе ментально-языкового мировоззрения концепта «кыргыз». Было отмечено, что концептуальные особенности служат критериями для категоризации, была изучена взаимосвязь между категоризацией и концептуализацией.*

***Ключевые слова:** концепт, категоризация, концептуализация, провербальные знаки, концептуальные знаки, ментально-языковые, картина мира, универсальные категории.*

***Abstract:** This article considers the categorization of the concept of "Kyrgyz" in the mental and linguistic picture of the world of ethnos. It looks at cognitive linguistics. Categorization and conceptualization are included in the basic concepts of cognitive linguistics, which reflect their importance for cognition and description of human cognitive activity. The category is the result of classification activity, and the concept as its structural element is determined on the basis of the mental and linguistic worldview of the concept "Kyrgyz". It was noted that the conceptual specifics serve the criteria for categorization, and the relationship between categorization and conceptualization has been explored.*

Keywords: *concept, categorization, conceptualization, prestige symbols, conceptual symbols, mental-linguistic, world map, universal categories.*

Лингвистикада когнитивдик өңүттүн пайда болушу жана изилдөө объектиси катары В.Гумбольдттун тил бул дүйнөнү өзгөчө көрүп таануу идеясын айткан “дүйнөнүнүн тилдик сүрөтү”, “дүйнөгө болгон тилдик көз караш” “дүйнөнүн баёо модели” ушул сыяктуу түшүнүктөр кеңири колдонула баштайт. Адам өзүн курчап турган дүйнөнү жана андагы өзүнүн ордун кандайча көрө тургандыгы чагылдырылат[4] (Гумбольдт В.фон., 1984). Дүйнө сүрөтүнүн лингвистикалык концепциясынын өнүгүшүндө Э.Сепир, АА.Потебня, Б.Л.Уорф сыяктуу окумуштуулардын эмгектерин атоого болот. Адамдардын аң-сезиминде ***концепт*** түшүнүктөрдүн, ассоциациялардын, билимдин, ой жүгүртүүсүнүн бир таңгагы түрүндө жашайт, лингвокогнитивдик кубулуш, психолингвисттик кубулуш, абстрактуу илимий түшүнүк маданияттын түпкү бирдиги, лингвомаданияттык кубулуштардын белгилерин алып жүрүүчү катары сыпатталат.

Когнитивдик тили илими айрым окумуштуулар “терең, түпкүрдүк семантика” деп да атап жүрүшөт. когнитивизм тилдин семантиканын категорияларынын (алгачкы орунда – грамматикалык категориялардын) тереңинде жаткан, адамдын дүйнөнү таанып билүүсүнүн өздөштүрүүнүн жыйынтыгы болуп саналганжалпыланган түшүнүктүк категорияларды көрүүгө аракет кылат. Тилге болгон когнитивдик өңүт адамдынжаңы маалыматты кабыл алуу өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүүгө жана алардын аң-сезимде мурда бар болгон түшүнүктөр системасы менен байланыштырууга ошондой эле концептештирүү жана категориялаштыруу процесстерин алдын-ала айтууга мүмкүнчүлүк берет.Бул процесстер тилде чагылдырылып, адамдын көп жылдык тажрыйбасынын жыйындысы катары түшунуктөр системин пайда кылышат. Албетте лингвистика тармагында тилдик көрүнүштөрдү когнитивдикөңүттөн кароо ойлоонун мыйзамдарыф жана кызматтары жөнүндө биздин билгендерибизди кеңетип мээге жолдорду ачык көрсөтүп жана курчап турган объективдүү кетүүчү маалыматтарды иштеп чыгаруучу механизмдер менен дүйнөнү-барлыкты (дествительность) чагылдыруунун ар кандай жолдорун аныктады.

Категоризациялаштыруу классификациялоочу маанисин негизин интерпретациялоо (же жорумдоо) психолингвистикалык изилдөөлөрдө көп колдонулат. Бул көрүнүш “барлык” действительость дүйнө жөнүндө белгилүү элестетүү тушүнүктөрдүн негизинде сөздү же (объектини андан ары жалпы болгон класска же топко киргизүү болуп саналат (Семантика и категоризация 1991),

Адамдын жашоосундагы бардык абстрактуу да конкреттүү нерселерге болгон аракетибиз менен байланышкан. Категориялаштыруу – бул процесс менен жалпы объективдүү барлыкты б.а жалпы онтологиялык мейкиндикти ар кандай категориялык аймактарга да когнитивдик бөлүштүрүүнү байланыштырышат. “Адам өзүнүн жашоосунда бардык кездештирген нерселердин эң маанилүүсү”.

Категориялаштыруу адамдын когнитивдик классификациялоочу ишмердүүлүгүнүн бир түрү катары байыркы убактардан бери эле буруп келген, Аристотелдин “Категориялар” эмгегинде категориялардын бардык түрлөрүнүн биринчи аныктамасы берилген жана категория түшүнүгү эң алгач философияда жана логикада пайда болгон. Аристотель байыркы философтордун пикирлерин жалпылап жана категориялардын таблицасын түзгөн. Алар : маңыз-сущность, сан-число, сапат-качество, мамиле-катыш- соотнесенность, орун-место, убакыт-время, жагдай-положение, аракет- старание, абал-состояние, кыймыл-аракет-действие, аркылуу- страдание категориялары бөлүнгөн[5] (Аристотель, 1978). Категорияга арналган көп эмгектер В.фон Гумбольдт дагы лингвистикалык өңүттөн караган,

[4] Аристотель категории В4т._М.Мысль, 1978.-687с.Т2.

[5] Гумбольдт В.фон.Избранные труды по языкознанию. –М. 1984

“универсалдуу категориялар – бул тилдин түзүлүшүндө түздөн-түз кирбеген системаны түзөт” – деп белгилеген Канцельсон, , ал эми О.Есперсен тарабынан тил илиминде “Түшүнүктүк категориялар” алгачкы жолу колдонулган. Адамдын таанып билүү ищмердүүлүгүнүн негизги процессин бири катары буюм-нерселерди классификациялоо үчүн өзүнүн ар кандай сезим-туюмдарын жана материянын ар кандай формаларынын объективдүү көп түрдүүлүгүн кантип классификациялайт же класс, разряд, топ, сан категориялары сыяктуу бирикмелерге топтоштурат.

Категориялаштыруу- дүйнөнү стуктуралоо, сөздү тигил же бул топко тиешелүү кылуу, клысскы ажыратуу иерархиялык мамилелерди орнотуу жолу деп белгилеген[6] (Панченко 1999:5).

Орозбек Айтымбеттин “Кара кыргыз” аттуу 5 томдук ири эмгектеринде орун алган , кытайлык кыргыздардын лексикасына басым жасаган[7] (Орозбек Айтымбет,2007). Изилдөөгө алынган “кыргыз” концепти ушул китептен кыргыз этносуна тиешелүү түшүнүктөр алынды. Советбекова Ы.С «Общие пословицы и поговорки на кыргызском и тюркском языках» Ошондой эле, түрк тилиндеги макал-лакаптарда түрк элинин маданияты, салты, көз карашы, улуттук концептосферасы ачык көрсөтүлөт. Кыргыз тилиндегидей эле түрк тилиндеги макал-лакаптар дагы терең маанини берип, педагогикалык метод үчүн баалуу тематика болуп саналат. Кыргыз жана түрк тилдеринде макал-лакаптарды изилдөө лингвистиканын чегинде гана эмес фольклористика, философия, логика сыяктуу башка илимдерде да жүргүзүлүшү мүмкүн.[10,55]

Кудайбергенова З.С. «Тектеш тилдердин грамматикалык, фонетикалык, грамматикалык жжана лексикалык жалпылактары» Фонетикалык, грамматикалык жана лексикалык өзгөчөлүктөр негизинен азыркы түрк тилдеринде сакталган. Азыркы түрк тилдеринин Байыркы турк тилдеринен обочолоно башташы узак мезгилдин натыйжасы катары кабыл алынат. Аларда окшош жана жакындык белгилердин сакталышы азыркы түрк тилдеринде да бирдей эмес [6, 23].

Кыргыз аты – ***кырк*** *гуз* (кырк огуз уруусу), -кырк жүз , йүз (жүз уруу бирикмеси) “Юань ши” аттуу илимий эмгекте ***ки-ли-ки-цзы*** (кыргыз) мааниси кыргыз дегенди билдирет, кытайлык кыргыз санжырачысы Үсөйүн ажы кыргыз “***кыр гез***” же (кыр киши) – кырды кезип оокат кыл дегенди билдирет. Профессор Ахмед Зеки Велиди Тоган кыргыз деген сөз “***кыркыр*** *” же “****кыркер***”, Давлет Айтмурабосов “***кыра-гыс***” –“*кара эл” “кара чачтуу эл”*, “гыз” –“гис”-өрүлгөн чач, тарыхчы Константин Иванович Петров “кыргыз” этноними байыркы түрктөрдүн “***кыргу- кырыг*** *”* (*т.а.”кызыл”)* көптүк санды туюнтуучу “ыз”, И.К.Петровдун “***кыргы-кырыг*** *”* этноними *“кызыл”* түстү билдиргенин Н.А.Баскаков колдоого алат жана “**кырыг**”+ “***огуз***” -кызыл огуздар кийинки изилдөөлөдө кызыл түс аркылуу жердин багытын аныктап түштүк же батыш багыттагы жер дегенди түшүндүрө Түрк элдеринде этноним түс менен байланышкандыгы иликтөөлөрдө көп кездешет. А.К.Кононов албырган кызыл жүз, сары чач, көзү көк маселен ***куу кижи*** (сары киши-алтайдагы уруулар) дегенди билдирет, ал эми кыргыздардын сырткы кебетеси “**кыргын**” “***кыргыт*** *”-* ***кыргыз*** *”* – бир эле маанини *“кызылдар” “албырган жүздүүлөр”* деген түшүнүктөр менен берилет. Т.Сыдыкбековдун ”Ук жер жүзү” деген чыгармасында мындайча “кыргыз” концепти баяндалат:

Кайың барбы ***кыргыз*** балта чаппаган,
Кыр-жон барбы ***кыргыз*** кыргын таппаган,
Кырлар барбы ***кыргыз*** сөөгү жатпаган

---

[6] ПанченкоН.Н. Некоторые универсалии лжи в разныхкультурах// Языковая личность : культурные концепты: сб.науч.тр./ВГПУ.-Волгоград

[7] Орозбек Айтымбет Кара кыргыз [Текст] /Орозбек Айтымбет.-Бишкек., Бийиктик,2007. –с. 579-625.

Кылымдарга аты калып өчөөрдө
кыргыз элин кыраан Манас сактаган.

Маселен, кыргыз деген түшүнүк этнос, эл, журт – түпкү маониси, ошондой эле салыштырылып жаткан түшүнүктөр өңү,түс,формасы, наркы,өлчөмү, көрүнүшү жана түзүлүшү боюнча жалпысынан окшош же бирдей сапатка ээ болушу зарыл.

“Лингвистический антропонизм: Проблемы ,поиски и решения” аттуу кыргыз окумуштуулары К.З.Зулпукаров, Е.Н.Мурадымова, Р.К.Ормокеева, Г.Ж.Болотакуновалардын монографиясында “Провербиальное пространство – это совокупность фразеологизмов и паремий, встречающихся в конкретном языке, группе языков или в языке вообще”[1,16]. ”Провербиальные единицы больше слова по объему.Они отражают, расчленяют и категоризируют действительность во всем многообразии и гетерогенности. Они обобщают мир, составляющие его элементы и оформляют их в видетиповых моделей” [1, 17].

“Кыргыз” концептин категориялаштырууда грамматикалык категорияларга бөлүү менен алардын түпкү маанисин ачууда чоң ролду ойнойт.

“Кыргыз” коцептинин провербиалдык белгилери – макал-лакаптардын негизинде концептуалдык белгилерин ачып берүү **№1 таблицада** берилди.

Кыргыздын концептуалдык белгилерин ачып берүүчү темалар	Катнаш түшүнүктөр (концепттер)	Провербиалдык белгилер
Кыргыз –этнос катары	Бой көтөрүүчүлүк	Кыргыз байыса катын алат, өзбек байыса там салат.
	Тууганчылдык	Кыргыз кыргызды сураштыра келсе карын-бөлө чыгат
	Улутчулдук	Кыргыз болуп туулган соң, кыргыз боло билели.
	Сынчылык	Кыргыз сынчы келет, ка-
	Бардарчылык	зак ырчы келет.
	кайдыгерлик	Кыргызда — айран көп, ору- ста — майрам көп.
	мал-жандуу	Кыргызды артка тарт- кан — кайдыгерлик.
	улуулук, касиеттүүлүк,	Кыргыздын ата- сын эт өлтүргөн.
	тууганчылык	
	түмөн	Кыргыздын шор- посу кырк жылда ооз күйгүзөт. Кыргыздыкы — кырк жылда.
		Кыргыз, казак- бир тууган
		Асманда жылдыз көп, жерде кыргыз көп

“Кыргыз” концептинин провербиалдык бирдиктерди иликтөөдө кыргыз тилиндеги макал-лакаптар орун алды жана сыпатталды.

Ассоциативдик экспериментти жүргүзүүдө концептти сүрөттөөнүн бир негизги өзөгү катары- концептуалдык талаа абдан маанилүү жана ассоциативдик комплекстерди ачыктоо[8] (Попова , Стернин, 2002)

Кыргыз концептин конструкциялоо максатында эркин ассоциативдик сурамжылоо (анкетирование) **№2 таблицада** жүргүзүлдү.

Ассоциаттар	**Жооптордун саны**
Көчмөн кыргыз	257
Кара кыргыз	43
Ит кыргыз	28
Жалкоо кыргыз	86
Итке минген кыргыз	34
Уй боор кыргыз	57
Меймандос кыргыз	158
Сыпайы кыргыз	31
Санжырачы кыргыз	59
Кой мүнөз кыргыз	44
Эт жандуу кыргыз	85
Тенир тоолук кыргыз	26
Памирлик кыргыз	47
Кытайлык кыргыз	61
Шориялык кыргыз	7
Енисейлик кыргыз	24
Сибирдик кыргыз	9
Алтай кыргыздары	17
Ала Тоолук кыргыз	178
Какшаалдык кыргыздар	39
Турпандык кыргыздар	22
Бечара кыргыз	18
Мансаптуу кыргыз	33
Берээн кыргыз	52
Момун кыргыз	63
Таза кыргыз	16
Кедей кыргыз	38
Кыргыздын кырк уруусу	89
Жаңы кыргыз	21
Патриот кыргыз	145
Улукман кыргыз	79
Саяпкер кыргыз	27
Жоош кыргыз	13
Баатыр кыргыз	172
Байыркы кыргыз	198
Кыргыз каганы	106
Кыргыздын ханы	155
Кыргыздын манасчысы	192
Кыргыздын Манасы	248

[8] ПоповаЗ.Д, Стернин И.А. Концептосфера и картина мира // Язык и национальные сознания Вып.3.- Воронеж., 2002.-с.4-8.

Кыргыздын даткасы	229
Чечен кыргыз	47
Сынчы кыргыз	61
Анжияндык кыргыз	28
Бухаралык кыргыз	15
Огуз кыргыздары	117
Тапан кыргыз	29
Кыргыз боз үйү	261
Кыргыз кымызы	238
Кыргыз салты	252
Кыргыз көчү	174
Кыргыз журту	168
Кыргыз эли	265
Итемген кыргыз	

“Кыргыз” концептине макал-лакаптардагы зат атооч сөздөрдүн ядросун кыргыз 271зат атооч сөзү; кыргызчылык 47, кыргызча 28, кыргыздай 63, кыргыз 158 зат атоочтордон сын атоочторду түздү, адамды сүрөттөөчү сын атооч маанисиндеги:

1.Этнос 13.2.улут 25. 3.Уруу 17.4 эл 29 5.журт 7. 6. итке минген 9.7. ит18. 10.бай.11. кедей.12.көчмөн 34.13.тентиген 26. 14.Жаман 5. 27 жоош 7. 28. кырк 36. 29.Кара 51. 30.кызыл 18.

Кыргыз концептин категориялаштырууда ар кандай концептин базалык түзүлүштөрүн ачып берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Биздин оюбузча адам аң-сезиминин эң маанилүү кызматы болуп дүйнөнү категорияларга бөлүштүрүү жана конкреттүү нерселерди, заттарды, окуяларды ошол категорияларга киргизүү.

Колдонулган адабияттар

1. Абрамзон С.М.Киргизы и ихэиногенетические и историко-культурные связи // Авт.вступ.ст. С.Т.Табышалиев.-Фрунзе.кыргызстан,1990.-480 стр.
2. Аристотель категории В4т._М.Мысль, 1978.-687с.Т2.
3. Гумбольдт В.фон.Избранные труды по языкознанию. –М. 1984
4. К.З.Зулпукаров,Е.Н.Мурадымова, Р.К.Ормокеева, Г.Ж.Болотакунова. Лингвистический а нтропонизм: Проблемы ,поиски и решения. Б.2019, 742 стр., -607
5. Камбаралиева У.К. Когнитивдик тил илими 2019.Б.325 стр.
6. Кудайбергенова З.С. Грамматические, лексические и фонетические совокупности тюрк-ских языков // Вестник Международного университета Кыргызстана. № 4 (37). 2018. с.23
7. Орозбек Айтымбет Кара кыргыз [Текст] /Орозбек Айтымбет.-Бишкек., Бийиктик,2007. – с. 579-625.
8. ПанченкоН.Н. Некоторые универсалии лжи в разныхкультурах// Языковая личность : культурные концепты: сб.науч.тр./ВГПУ.-Волгоград.
9. ПоповаЗ.Д, Стернин И.А. Концептосфера и картина мира // Язык и национальные сознания Вып.3.- Воронеж.,2002.-с.4-8.
10. Советбекова Ы.С. Общие пословицы и поговорки на кыргызском и тюркском языках // Вестник Международного университета Кыргызстана. № 4 (37). 2018. стр.55.